ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛГЕ БИЛИМ
БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

З.М.БАБУР АТЫНДАГЫ АНДИЖАН МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ КЫРГЫЗ ФИЛОЛОГИЯСЫ 3-
КУРС СТУДЕНТИ

**Абдиев Тыныбектин**

# ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫК ИШИ

**Тема:** «Фонетика бөлүмүн окутууда инновацион педагогик технологияларынан пайдалануунун жолдору»

**Текшерген:** **улук мугалим Н.Алисултанова**

Андижан-2014

# ***План:***

1. Бүгүнкү күндөгү окутуунун окутуунун жаңы технологиясы.


2. Фонетика бөлүмүн окутууда инновацион педагогик технологияларынан пайдалануунун жолдору.

Кийинки мезгилдерде окутуунун жаңы технологиясы катары программалык тестирлөө, модуль системасы, интерактивдүү окутуу сыяктуу инновациялык процесстер практикаланууда. Бул процесстердин кабыл алынышы методикалык табылгалар катары өздөштүрүлүп, окутуу технологиясынын мазмунун жана багыттарын бир топ оптималдаштырып жаңыртты. Булардын ичинен интерактивдүү окутуу процесстеринде сабактын жаңы моделдери стратегиялык методдор аркылуу колдонулуп, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүн, мамилелеринин стилин өзгөрүүгө дуушар кылды[1].

*«Ой калчоо»*[2] (мээ чабуулу) методу. Сабакта белгилүү бир проблема коюлуп, ал боюнча ар ким өз пикирин, билгенин айтып, бардыгы талданып, алгылыктуу деген бир пикирге келүү прцесси. Бул процесс бир нече баскычтарды мугалим окуучулардын ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүнө, иштин шартына карата аныктайт.

Мисалы: Тыбыш жана тамга темасын өтүүдө окуучулардын башталгыч класстарда тыбыштар тууралуу билими бар экендигин эске алып, мугалим «Ой калчоо» методун пайдаланууга болот.

Мугалим окуучуларга суроо менен кайрылат.1-тапшырма. Ар бирибиз бирден тыбыштарга мисалдар айтабыз. (Мугалим окуучулардын айткан тыбыштарын жазып турат.)




---

[1] Тагаева З. Мектеп курсунда лексиканы окутуу. Ош-2005. 24-бет.

[2] Кыргыз тили адабияты. №1, 2010. 41-бет. «Жождордо мамлекеттик тилди окутуунун типтүү программасын иштеп чыгуунун актуалдуулугу» З.Сарылбекова.

П В Ы Ф Я Ч

2-тапшырма окуучулардан тамга менен тыбыштын айрымачылыгын сурайт жана айтылган пикирлерди угуп, мугалим сөздөрдү айтканда кулакка угулган айрым-айрым үндөр тыбыш, ал эми тыбыштарды белгилөө үчүн алынган шарттуу белгилер тамга деп аталарын, кээ бир сөздөрдө тамга, кээ бир сөздөрдө тыбыш көп болорун ошондой эле кээ бир сөздөрдө тамга менен тыбыштын саны тең экендигин доскада жазылган мисалдардын негизинде түшүндүрүп берет. Саяк-4 тамга, 5 тыбыш; апрель -6 тамга, 5 тыбыш; кар-3 тамга, 3 тыбыш; Мээрим-6 тамга, 5-тыбыш.

Жетишкен жагы: *аң сезимдүүлүккө, ой жүгүртүүгө, эркин пикирлөөгө, издеп табууга үйрөнөт.*


*Кластер усулу.* Кластер – пикирлерди бөлүктөргө ажыратуу, кеңейтирүү усулу болуп эсептелет. Пикирлерди бөлүктөргө ажыратуу – бул педагогикалык стратегия болуп, ал окуучулардын берилген теманы терең өздөштүрүүгө өбөлгө болуп, темага байланыштуу болгон түшүнүк же анык пикирди эркин жана ачык абалда биринин артынан бирин үзгүлтүксүз байланышкан абалда составдарга ажыратууга үйрөтөт.

Өтүлгөн теманы бышыктоо, жакшы өздөштүрүү, жалпылаштыруу ошондой эле көз алдына келтиргендерин сызма формасында түшүндүрүүгө багыттайт.

Пикирлерди составдоо төмөнкүдөй уюштурулат: теманы аныктоо, тема боюнча ойго келген пикир биринин артынан бири жазылат, пикирлер бүтмөйүнчө жазууну улантуу керек, пикирлердин биринин артынан бирин жана өз ара байланыштуулугун көбөйтүрүүгө аракет кылуу керек.

Мисалы: Үндүү жана үнсүз тыбыштар темасын өтүүдө окуучуларга бирден сүрөт таркатылат. Сүрөттөгү заттын аты кандай тыбыш менен башталса ошол тыбыштын баш тамгасын кластер усулундагы катарга жазуу керек.

Үлгү:




*«Сынчыл ойлом»* методу. «Сынчыл ойлом» - маалыматты кабыл алуудан башталып, ал боюнча чечимди кабыл алуу, мүмкүнчүлүктөрдү интеграциялоо, маалымат менен концепцияларды кайра куруу, активдүү жана интерактивдүү таанып-билүү прцесси. «Ой калчоодо» проблема коюлса, «сынчыл ойломдо» маалыматка карата окуучунун пикири маанилүү.

*«Венн диограмма» усулу*. Үйрөнүлүп жаткан 2-3 жактарын табуу жана аларга мүнөздөмө берүү, аларга тиешелүү жактырын санап өтүү. Санап өтүлгөн ага тиешелүү жактарын тегерек калыбындагы диограммага жазуу керек. Аларды жалпы жана жалпы болбогон жактарын салыштыруу. Тегеректерди бириктирип диограмма венна түзүү. Тегеректердин кесишкен жерлерине үйрөнүлүп жаткан жактарынын жалпы жактарын жазуу керек.

Мисалы: Сөздөрдү муунга ажыратуу темасын өтүүдө „Венн диограммасынан пайдаланууга болот.




*«Бул биздики»* усулу. Окуучулар төрт топко бөлүнөт, алардагы күч тең болушуна көңүл бурулат, ошондуктан кайсы топко кайсы окуучу киришин мугалим белгилейт.

Бул усулду бардык темаларды өтүүдө, айрыкча, кайталоо жана жалпылаштыруу сабактарында өткөрүү жакшы натыйжа берет.

Командаларга бир түрдүү таркатма материалдар таркатылат. 1-топ тилге карай, 2-топ жаакка карай, 3-топ эринге карай, 4-топ созулушуна карай үндүүлөрдү таркатма материалдардан таап, ажыратышат жана көчүрүп жазышат. Тапшырмалар аткарылгандан соң, топтордон бир окуучу өзүнүн иштерин баяндайт.

Эскертүү: таркатмаларды мугалим ар бир топко атайын даярдашы же болбосо бардык топко бир түрдүү таркатмалар бериши мүмкүн. Топтун жооптору төмөнкүдөй болушу керек:

Тилге карай:

*Жоон:* **а, о, у, ы**

*Ичке:* **э, ө, ү, и**

Эринге карай:

Эриндүү:
**о, ө, у, ү**

Эринсиз:
**а, э, ы, и**


**Жаактын ачылышына карай:**

- Кең: **а, э, о, ө**
- Кууш: **у, ү, ы, и**

**Созулушуна карай:**


- Кыска: **а, э, о, ө, у, ү, ы, и**
- Созулма: **аа, ээ, оо, өө, уу, үү**

*<u>«Анын аягы мунун башында» усулу</u>*. Бул усул окуучуларды тез табууга жана ойлоого үйрөтөт, ошондой эле, теманы бышыктоого кызмат кылат. Класстагы окуучулар үч (же төрт)топко бөлүнүшөт. 1-топ 2-топко бир баш тамга менен айтылуучу сөз айтат, 1-топ айткан сөз кайсы тамга менен бүтсө, 2-топ ушул сөз менен башталуучу баш тамга менен жазылуучу башка бир сөздү 3-топко айтат. 3-топтогу 2-топко айткан сөздүн акыркы тамгасы менен башталган баш тамга менен жазылуучу сөздү 1-топко айтат. Оюн ушул тартипте улантылат. Айтышуу кайсы топто токтоп калса, ошол топ оюндан чыгат. Акырында калган топ жеңүүчү деп табылат. Эгерде сөз ң, ь, ъ тамгалар менен аяктаса, бул тамгалардан мурдагы тамга эсепке алынат.



«Тандап ал» оюнун өткөрүү. Шарты төмөнкүдөй: Каалаган тамганы тандап алып, тездик менен ушул тыбыш катышкан 10 сөз жазуу керек. Эки топтон эки окуучу  чыгат. Мисалы:

1. Бил, билим, бал, бака, береке, бала, кабат, табуу, балык, автобус.




«Тандап ал» усулунун ийгилиги:

-окуучулар бат табууга аракет кылышат;

-сөз байлыгы ашат;

-орфографиялык сабаттуулугу калыптанат ж.б.

# Корутунду

„Фонетика бөлүмүн окутууда инновацион педагогик технологияларынан пайдалануунун жолдору“ темасы боюнча жазылган бул рефератымда негизинен фонетиканы окутууда пайдалануу үчүн бир нече инновацион технологияларынан пайдаланууну сунуш кылдым. Мисалы, «Тандап ал», «Анын аягы мунун башында», «Бул биздики», «Венн диограмма», «Сынчыл ойлом», Кластер усулу, «Ой калчоо». Жогоруда келтирилген бул усулдардын ар бирин фонетиканы окутуу боюнча темалардын негизинде мисалдар менен иштеп көрсөтүлдү.

„Фонетика бөлүмүн окутууда инновацион педагогик технологияларынан пайдалануунун жолдору“ темасы боюнча жазылган бул реферат кыргыз тилчи мугалимдер үчүн методикалык колдонмо катары кызмат кылат.

Адабияттар тизмеси:

1. Жороев Ташболот «Кызыктуу кыргыз тили» 2-китеп Ош -2005.7-бет

2. Исабаев А.«Фонетиканы окутуу, Алматы, 1965, 5-бет.

3. Исаков Б. «Кыргыз тили» 5-6-класстар үчүн (вариантивдүү окуу китеби) Бишкек «Мектеп » 2000. 18-бет

4. Үсөналиев С. «Кыргыз тилинин окутуунун методикасы» «Мектеп» Басмасы Фрунзе 1975-жыл. 23-43-беттер